DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 10, 2019

*Саматова А.А., Миралы кызы А., Жаныкулова Г.Р.*

# «САРКЕНТ» МАМЛЕКЕТТИК ЖАРАТЫЛЫШ ПАРКЫНДАГЫ СЕЙРЕК КЕЗДЕШҮҮЧҮ СҮТ ЭМҮҮЧҮЛӨРДҮН ПОПУЛЯЦИЯЛАРЫН КОРГОО ЖОЛДОРУ

*Саматова А.А., Миралы кызы А., Жаныкулова Г.Р.*

# СПОСОБЫ ЗАЩИТЫ ПОПУЛЯЦИЙ РЕДКИХ МЛЕКОПИТАЮЩИХ В ГОСУДАРСТВЕННОМ ПРИРОДНОМ ПАРКЕ «САРКЕНТ»

*A.A. Samatova, Mirali kyzy A., G.R. Zhanykulova*

# WAYS TO PROTECT POPULATIONS OF RARE MAMMALS IN THE STATE NATURAL PARK «SARKENT»

*УДК: 502/504*

*Илимий макалада антропогендик басымдын күчөп турган мезгилинде жаныбарлар дүйнөсүн илимий негизде коргоо жана сарамжалдуу пайдалануу маселелерин чечүү үчүн жаныбарлар дүйнөсү жана биоартүрдүүлүктүн абалы жөнүндө илимий маалыматтар талап кылынат. Мында аймактын фаунасын инвентаризациялоо маанилүү шарт болуп саналат, анткени дүйнөлүк биоартүрдүүлүктүн картинасында Кыргызстандын жалпы байланышын түзүү менен аймактык картинаны түзүү керектигин, ошол эле учурда, Саркент мамлекеттик жаратылыш паркындагы сүт эмүүчүлөрдүн түрдүк курамы, табигый жана трансформацияланган биогеоценоздордогу түрлөр, сандын таралышы, динамикасы, популяциялык биотоптордун популяция жыштыгы, фаунисттик компоненттердин антропогендик трансформациясынын механизмдери жана мыйзамдары, биоценоздордун функционалдык ролу жана таралышы жөнүндө, ошондой эле «Саркент» мамлекеттик жаратылыш паркынын сейрек кездешүүчү сүт эмүүчүлөрүн коргоо: экологиялык приоритет, кадрдык, материалдык техникалык база, каржылоо жана башка көйгөйлөр боюнча баяндалды.*

***Негизги сөздөр:*** *биоартүрдүүлүк, коргоо, жаратылыш, аймак, экосистема, териофауна, Кызыл китеп, антропоген, фауна, зооценоз, трофикалык.*

*В этой статье рассматривается период усиления антропогенного прессинга для решения проблем охраны и рационального использования животного мира на научной основе и необходимы научные данные о фауне и состоянии биоразнообразия как регионов так и республики в целом. Поэтому, важным условием является инвентаризация фауны регионов, как необходимость создания звеньев в общей картине мирового биоразнообразия и Кыргызстана в частности. Вместе с тем, практически отсутствуют научные данные о видовом составе млекопитающих природного парка «Саркент», о типах естественных и трансформированных биогеоценозов, распределении и динамике численности, плотности популяции заселенных биотопов, механизмы и закономерности антропогенной трансформации фаунистических компонентов, функциональной роли и распределении биоценозов и проблемы аборигенных млекопитающих национального природного парка «Саркент»: экологические приоритеты, кадровые, материально-технические базы, финансирование и.т.д.*

***Ключевые слова:*** *биоразнообразие, охрана, природа, территория, экосистема, териофауна, Красная книга, антропогенная, фауна, зооценоз, трофическая.*

*This article examines the period of increasing anthropogenic pressure to solve the problems of protection and rational use of the animal world on a scientific basis, scientific data on the fauna and state of biodiversity of both regions and the Republic as a whole are needed. Therefore, an important condition is the inventory of the fauna of the regions as the need to create links in the overall picture of the world's biodiversity and Kyrgyzstan in particular. However, virtually no scientific data on the species composition of mammals of the natural Park «Sarkent» about the types of natural and transformed ecosystems, the distribution and population dynamics, population density of populated biotopes, mechanisms, and patterns of anthropogenic transformation of the faunal components, functional roles and distribution of biocenosis and problems of native mammals national natural Park "Sarkent": environmental priorities, personnel, logistics, finance and etc.*

***Key words:*** *biodiversity, conservation, nature, territory, ecosystem, theriofauna, Red book, anthropogenic, fauna, zoocenosis, trophic.*

Антропогендик жүктүн күчөп турган мезгилинде жаныбарлар дүйнөсүн коргоо жана сарамжал пайдалануу проблемаларын илимий багытта чечүү үчүн жер-жерлердин, бүтүндөй республиканын фаунасы жана биокөптүрдүүлүгүнүн абалы жөнүндө жетиштүү илимий маалыматтардын болушу менен ага карата дүйнөлүк фаунага салыштырмалуу баа берилиши

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



зарыл. Мына ошондуктан биринчи кезекте дүйнөнүн жана өлкөнүн жалпы балуулугунун звеносун түзүүдөгү зарылчылыгы катары жер-жерлердин фаунасына инвентаризация жүргүзүү керек.

Кыргызстандын аймагындагы өзгөчө коргоого алынган аймактарындагы, сейрек кездешүүчү сүт эмүүчүлөрдүн популяцияларынын экосистемалык мааниси ачып көрсөтүү жана биоартүрдүүлүктү коргоо багытында Б.К. Кулназаровдун ж.б. [1], [2], [3,], [6], [7] бир топ илимий макалалары жарык көргөн.

Б.К. Кулназаров сүт эмүүчүлөрдүн экосистемалык кызматын (экологиялык нишасын) аларды фитофагдарга жана жырткычтарга бөлүп карoo менен ачып көрсөткөн. Алар экоситемада биринчилик жана экинчилик консументтер катары негизги функцияны аткарышат жана алардын саны бир-бирине көз каранды болот. Фитофагдардын ичинен кемирүүчүлөр майда жырткыч жаныбарлардын санын жөнгө салууда, ал эми элик жана камандар ири сейрек кездешүүчү жырткычтардын (илбирс, аюу ж.б.) тамак рационунда негизги орунду ээлешет.

Экосистеманын компоненттеринин бири катары эсептелген зооценоздор үчүн энергиянын булагы – бул өсүмдүк болуп саналат. Ошондуктан фитофаг жаныбарлар өсүмдүктөр менен тамактанып, алардан заттарды жана энергияны алып турат. Ал эми зооценоздор ар кандай трофикалык деңгээлде бири экинчисин тамак катары пайдаланышып, тамак чынжырын пайда кылуу менен экосистемадагы заттардын айлануусун жана энергиянын багыттуу жылышын камсыз кылып турат. Демек, экосистемада фитоценоздор продуцент катары биринчилик трофикалык деңгээлди ээлейт, фитофаг жаныбарлар өсүмдүктөр менен тамактанып, экинчилик трофикалык деңгээлди ээлеп, биринчи катардагы консумент, жырткычтар фитофагдар менен тамактанышып, үчүнчүлүк трофикалык деңгээлди ээлеп, экинчилик консумент болуп саналат. Жыйынтыгында энергия ар бир трофикалык деңгээлден өткөн сайын белгилүү бөлүгүн жоготуп отурат. Ошондуктан трофикалык деңгээлдер чексиз боло бербейт. Трофикалык деңгээлдер боюнча консументтердин бөлүштүрүлүшү экосистема жөнүндөгү бир катар маселелерди түшүнүүгө, экосистеманы моделдештирүүгө жана оптимизациялоого мүмкүндүк берет. Бирок трофикалык классификация түрлөргө бөлүү эмес, алардын тиричилик аракеттеринин тиби болуп саналат. Анткени, бир эле түр бир канча трофикалык деңгээлдерди ээлөө менен анын үлүшү ар бир деңгээл үчүн проценттик катыш менен туюнтулат.

Трансформацияланбаган биринчилик экосистемаларда жана анын гомэостазын камсыз кылууда фитофаг жаныбарлар өзгөчө мааниге ээ. Себеби фитофаг жаныбарлар калган башка консументтер үчүн тамак базасын камсыз кылуу менен өздөрү өсүмдүктөр менен тамактанып, аларды чиритип топурактын асылдуулугун камсыздап турат. Анын үстүнө табигый экосистемаларда түрлөрдүн ар түрдүүлүгү абдан жогору болуп, алардын сандык катышы жырткычтар жана мителер аркылуу кармалып турат. Ошондуктан мындай экосистемаларда азык-заттын белени (запасы) жана жеткиликтүүлүгү эч качан критикалык деңгээлге түшпөйт.

Эгерде адам-баласы өзүнүн иш аракети менен табигый экосистеманы трансформацяланган экосистемага айландырса, анда фитофаг жаныбарлар адамдарга карата карама-каршы мамиледе болуп, алар өзүнө керектүү азык-заттарды чарбалык продукциянын эсебинен алууга аракет жасоо менен өздөрү айыл-чарбачылыгынын жана токой чарбачылыгынын зыянкечтерине айланып кетет [4].

Жалпы Кыргызстандын фаунасы боюнча алганда кургак экосистемада кездешүүчү омурткалуу жаныбарлардын ичинен фитофаг жаныбарлардын түрдүк курамы бир кыйла төмөн.

Кыргызстандын аймагында сейрек кездешүүчү сүт эмүүчү фитофаг жаныбарлардын 21 түрү кездешет. Бирок, Кыргызстандын ар түрдүү биоценоздорунда булардын зыянкечтикке айланган түрү жокко эсе десек жаңылышпайбыз. Анткени, акыркы мезгилдерде мал чарбачылыгынын күчөшү менен жапайы жаныбарлардын жашоо чөйрөлөрү кескин кыскарып алардын таралуу жыштыгы табыгый экосистемаларда бир кыйла төмөндөп кеткен.

Бирок, учурда кээ бир өлкөлөрдүн аймактарында айрым бир сүт эмүүчү фитофаг жаныбарлардын саны абдан жогорулап токой чарбачылыгына бир топ зыян алып келип жаткандыгы жөнүндө бир канча маалыматтар белгилүү. Мисалы, Белоруссиянын токойлуу аймактарында багыштардын (Aices aices) саны 20-27 миң башка жеткен [4].

Ал эми биздин өлкөнүн аймагында тескерисинче жогорудагы көйгөйлөргө карама-каршы келген, сейрек кездешүүчү сүт эмүүчү фитофаг жаныбарларын көбөйтүү жана аларды сактап калуу проблемалары турат. Мындай проблемаларды чечүүдө ӨКЖАнын жана МУЖП дын ролу абдан чоң. Сүт эмүүчү фитофаг

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



жаныбарларды коргоодо жана экосистеманын тең салмактуулугун сактоодо алардын айрыкча промыселдик жана промысел эместик маңызына маани берүүбүз абзел.

Саркент мамлекеттик жаратылыш паркында сейрек кездешкен сүт эмүүчүлөрдүн тизмеси 1-таблицада көрсөтүлгөн.

*1-таблица*

**«Саркент» мамлекеттик жаратылыш паркындагы сейрек кездешүүчү сүт эмүүчүлөрдүн тизмеси**

| № | Кыргызча аталышы | Латынча аталышы | Орусча аталышы |
|---|---|---|---|
| **Фитофаг жаныбарлар** | | | |
| **I.** | **Кемирүүчүлөр** | **Rodentia Bowdich, 1821** | **Грызуны** |
| 1. | Чүткөр | Hystrix (H) indica (Kerr, 1792) | Дикобраз |
| **II.** | **Ача туяктуулар** | **Artiodactyla Owen, 1848** | **Парнокопытные** |
| 1. | Каман | Sus scrofa (Linnaeus, 1758) | Кабан |
| 2. | Элик | Capreoluscapreolus (Linnaeus, 1758) | Сибирский косуля |
| **Жырткыч жаныбарлар** | | | |
| **III.** | **Курт-кумурска жечүүлөр** | **Insectivora Bowdich, 1821** | **Насекомоядные** |
| 1. | Чоң күрөң тиш чукуур | Sorex (S) asper (Thomas, 1914) | Тяньшаньская бурозубка |
| **IV** | **Кол канаттар** | **Chiroptera Blumenbach, 1779** | **Рукокрылые** |
| 1. | Далдаң кулак | Plecotus (P.) austriacus (Fisher, 1829) | Серый ушан |
| **V.** | **Жырткычтар** | | |
| 1. | Күрөң аюу | Ursus (U.) arctos (L., 1758) | Бурый медведь |
| 2. | Ач күсөн | Mustela (P.) eversmanni Lesson, 1827 | Степной хорек |
| 3. | Суусар | Martes (M.) foina (Erxleben, 1777) | Каменная куница |
| 4. | Кашкулак | Meles meles (Linnaeus, 1758) | Барсук |
| 5. | Сүлөөсүн | Lynx (L.) lynx (L., 1758) | Обыкновенная рысь |
| 6. | Илбирс | Uncia uncia (Schreber, 1776) | Барс, или Ирбис |

«Саркент» мамлекеттик жаратылыш паркынын аймагында сейрек кездешүүчү фитофаг сүт эмүүчү жаныбарлардын эки түркүмүнө *(Rodentia – 1; Artiodactyla – 2)* мүнүздүү 3 түрү кездешет. Бул фитофаг сүт эмүүчүлөрдүн түркүмдөрүнүн ичинен түрдүк ар түрдүүлүгү боюнча ача туяктуулар түркүмү доминанттык орунду ээлейт. Парктын аймагында байырлаган сейрек кездешүүчү фитофаг сүт эмүүчү жаныбарлардын ичинен кемирүүчүлөр түркүмүнүн өкүлдөрү 34%; ача туяктуулар 66% түзөт.

Сүт эмүүчү фитофаг жаныбарлар ар кандай экосистемаларда башка жандуу компоненттер менен биргеликте заттардын айлануусуна жана энергиянын багыттуу жылышына катышуу менен табигаттын гетерогендүү ландшафттарынын физикалык-химиялык жана физикалык-географиялык параметрлерин аныктап турат.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557






**1-сүрөт.** «Саркент» мамлекеттик жаратылыш паркындагы сейрек кездешүүчү фитофаг сүт эмүүчүлөрдүн проценттик көрсөткүчү.

Парктын аймагында промыселдик жаныбарлардан каман (S. scrofa), элик (Capreoluscapreolus) чүткөр (H. narynensis) гана кездешет. Учурда бул промыселдик жаныбарлар табыгый экосистемалар үчүн эч кандай зыян алып келбейт. Тескерисинче алар ар кандай экосистемаларда зарыл болгон экосистемалык ролду аткарат.

Өткөн кылымдын 60-70-жылдары промыселдик фитофаг сүт эмүүчүлөрдүн кээ бир түрлөрүн – каман, чүткөр сыяктуу жаныбарларды айлыл чарба зыянкечтери катары карап келишкен. Анткени, алар айыл чарба талааларындагы картошка, жүгөрү, дан өсүмдүктөрүнө ж.б. маданий өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгүнө терс таасирин тийгизип турган. Ошондуктан алардын санын кыскартуу максатында ар кандай жолдорду пайдалануу менен аларга карышы күрөш жүргүзүлгөн. Ар бир өлтүрүлгөн каман жана чүткөр үчүн атайын сыйлыктар уюштурулган [1], [5]. Бирок, барган сайын алардын саны кыскарып, айрыкча 90-жылдары калк арасындагы экономикалык абалга байланыштуу аларга карата браконердик кылуу күчөп кеткен. Натыйжада сүт эмүүчү фитофаг жаныбарлардын бул түрлөрү коргоонун жана сарамжал пайдалануунун объектиси болуп калды.

Зоологдордун көз карашы менен алганда, жаныбарлар менен тамактануучу бардык тирүү организмдер: эң майда жөнөкөйлүүлөрдөн тартып, көлөмү чоң сүт эмүүчү жаныбарлар менен тамактануучуларды - жырткычтар деп аташат. Фитофагдар менен азыктануучу жырткычтар, биринчилик консументтер болуп саналышат. Жаратылышта алардын саны салыштырмалуу көп жана чарбалык, экологиялык, эпизоотологиялык жактан өтө маанилүү. Мисалы, жырткычтар чычкан сымал кемирүүчүлөр менен тамактанышып, алардагы инфекциялык ооруу козгогучтар менен тыгыз катнашта болуп, жаратылыштагы ар түрдүү зооноздордун потенциалдуу алып жүрүүчүлөрү болуп саналышат [4]. Жаратылышта бир гана жырткычтар экологиялык базанын коркунучтуу деңгээли болгон фитофагдардын санынын көбөйүшүн жөнгө салып, жаратылыштык экосистеманын туруктуулугун белгилүү деңгээлде аныктап турат. Жырткычтардын санынын азайышы, түрдүк курамынын жардыланышы - фитофаг жаныбарлардын санынын массалык көбөйүүсүн пайда кылып, экосистеманын туруктуулугунун бузулушуна алып келет.

Экологиялык жактан алганда өзгөрүлгөн ландшафттар, өсүмдүктөрдү фитофагдардан коргоодо, жырткычтардын ичинен экинчилик консументтер (энтомофагдар, эт жечүлөр) кызыгууну жаратып, кийинки трофикалык деңгээлдеги жаныбарлардын ролу анчалык маанилүү эмес.

Биздин изилдөөлөр көрсөткөндөй, “Саркент” мамлекеттик жаратылыш паркынын аймагында жырткыч жаныбарлардын сейрек кездешүүчү түрлөрүнөн 8 түрү байырлайт. Сейрек кездешүүчү сүт эмүүчүлөрдүн ичинен түрдүк курамы боюнча биринчи орунду жырткычтар түркүмү*(Carnivora)* - 75%, экинчи орунду курт-кумурска жечүлөр түркүмү *(Insectivora)* -12,5%, кол канаттар 12,5% ти ээледи (2-сүрөт).

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557






**2-сүрөт.** «Саркент» мамлекеттик жаратылыш паркынын аймагын байырлаган сейрек кездешүүчү сүт эмүүчүлөрдүн пайыздык катышы.

Омурткасыз жаныбарлар менен тамактануучу сүт эмүүчүлөрдүн ичинен Кыргызстандагы эң маанилүүлөрү болуп курт-кумурска жечүлөр түркүмүнүн өкүлдөрү эсептелишет. Анткени, алар чоң күрөң тиш чукуур - Sorex (S) asper экосистемада зыянкеч омурткасыздардын санын жөнгө салып турушат [8]. Бирок, бул түр парктын аймагында өтө сейрек кездешип, эндемик болуп саналат. Бул жаныбарлар жер чукуп тиричилик өткөрүү мүнөзүнө ээ болгондуктан адамдардын иш-аракеттеринен көп жабыр тартышпайт. Экосистемада курт-кумурска жечүлөрдүн мааниси абдан жогору. Анткени, алар омурткасыз жаныбарлардын гана санын жөнгө салып турбастан, өздөрү топурак пайда кылууга катышат.

Сейрек кездешүүчү жырткыч сүт эмүүчүлөрдүн ичинен түрдүк курамы боюнча жырткычтар *(Carnivora)* түркүмүнө кирген жаныбарлар салыштырмалуу бай түрдүк курамга ээ. Парктын аймагында алардын 6 түрү катталды. Күрөң аюу (U.arctos), илбирс (U.uncia), майда аңчылык жаныбарларынан: суусар (M.foina), арыс кара куйрук (M.erminea), арыс чычкан (M.nivalis), кашкулак (M.meles), суу суусар (M.vison) сыяктуу жаныбарларынын саны өтө сейрек. Бул жаныбарлардын баары аңчылык айбандары болуп саналышат. Кээ бир түрлөрү (күрөң аюу, илбирс, сүлөөсүн, мадыл, кундуз, чаар күсөн, кызыл карышкыр) жоголуу алдында тургандыктан Кыргызстандын Кызыл китебине киргизилген. Учурда бул жандыктардын саны өтө сейрек. Аларга мергенчилик жүргүзүүгө тыйуу салынган. Бул жандыктарды мергенчилик объектиси катары пайдалануу - сандык тыгыздыгы белгилүү деңгээлге жеткенде, пландуу түрдө, чектен ашырбастан жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк түзүлүшү мүмкүн.

Бирок бул мүмкүнчүлүк аталган жандыктардын аз тукумдуулугуна, жашырынуучу жайларынын аздыгына, адамзат жана үй жаныбарлары менен карым-катнашынын татаалдыгына байланыштуу, адам баласынын тыгыз жайгашкан өзгөрүлгөн ландшафттары үчүн мүмкүнчүлүгү аз экендигин далилдейт. Алардын ичинен Саркент мамлекеттик жаратылыш паркынын аймагында акыркы учурларда сүлөөсүндүн санынын көбөйүп жаткандыгын белгилөөгө болот. Мындай көрүнүш ал жаныбардын тамактын базасын түзгөн коендун, кекиликтин ж.б. жандыктардын санынын көбөйүшүнө байланыштуу.

Сейрек кездешүүчү сүт эмүүчүлөрдүн Саркент мамлекеттик жаратылыш паркынын аймагында азайып жатышынын негизги себеби болуп калктын экологиялык билимсиздиги, жандыктарды аёосуз атып жок кылуу, токой аянттарынын биоценотикалык түзүмүнүн өзгөрүшү, тынчсыздандыруучу факторлордун көбөйүшү, браконьерчилик ж.б. болуп саналат.

Жырткычтардын белгилүү деңгээлдеги экосистемалык ролу тууралуу жогоруда сөз кылганбыз, анткени алар Саркент мамлекеттик жаратылыш паркынын ар түрдүү ландшафттарында фитофаг сүт эмүүчү жаныбарлардын санын жөнгө салууда, экологиялык тең салмактуулукту сактоодо негизги роль ойнойт. Майда жырткыч-сүт эмүүчүлөрдүн тамактык базасынын

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



негизин кемирүүчү жаныбарлар түзөт. Майда кемирүүчү жаныбарларсыз баалуу аңчылык сүт эмүүчү жырткыч айбандардын:суусар, арыс кара куйрук, арыс чычкан, кадимки түлкү ж.б. санынын көбөйүшү мүмкүн эмес. Анткени, түлкү, арыс кара куйрук, арыс чычкан сыяктуу жаныбарлар айыл чарба аянттарына жакын, же ошол айыл чарба аянттарында тиричилик өткөрүшүп түздөн-түз ал аймактарда жашаган кемирүүчү жаныбарлар менен тамактанышып, айыл чарбачылыгына көп пайда алып келишет.

Адам баласы пайдаланбаган, табигый экосистемалардагы көрүнүш чындыгында ушундай. Бирок, "Саркент" мамлекеттик жаратылыш паркынын аймагында жогоруда айтылгандай мындай экосистемалар (түз же, кыйыр түрүндө адам баласынын колу тийбеген) жокко эсе. Туяктуу жана коен сымалдуу жаныбарлар (жапайы жаныбарлардын ичинен сейрек кездешүүчү жырткыч сүт эмүүчүлөрдүн негизги тамагын түзүүчү) коргоого алынып, көбөйтүлүп, адам баласы тарабынан колдонулуп келет. Анткени менен, кээ бир ача туяктуу жаныбарлардын популяциялары (архар, элик, каман) жоголуу алдында турат [3].

Адам баласы тарабынан аз экономикалык натыйжага ээ болгон жаныбарларды тандап алуу, белгилүү санын чектөө, ашыкча санын жок кылуу жеңил эле иш болуп саналат.

Элик, камандын санын жөнгө салуу үчүн карышкырдын санын көбөйтүүнүн зарылчылыгы жок, анткени ал жаныбарлар адам баласынын чарбачылык жана эстетикалык (рекреациялык) тиричилигинде башкы мааниге ээ.

Кыргызстандын аймагындагы өзгөчө коргоого алынган жаратылыштык аймактардын катарында "Саркент" мамлекеттик жаратылыш паркындагы биоартүрдүүлүктү коргоону оптимизациялоо максатында комплекстүү иш-чараларды иштеп чыгуу менен аны ишке ашырууну жана көзөмөлдөөнү күчөтүү зарыл.

"Саркент" мамлекеттик жаратылыш паркы Лейлек районунан 42 км ал эми Баткен областынын борборунан 177 км аралыкта алыстыкта жайгашкан. Парктын туруктуу жашоочулары жок. Паркка эң жакын айыл Денау практан 3 км аралыкта жайгашкан. Кышындасы калын жааган кардан жана кар көчкүлөрдун натыйжасында жолдор жабылып калат. Жайында парктын 24660.9 га жайыт катары колдонулат. Жайытка чыккан малдын саны 8-10 миң башты түзөт.

Паркка алып баруучу бир жол аркылуу мал айдалат, ошондой эле туристтер үчүн да кызмат кылат. Акыркы мезгилдеги сел каптоолордун натыйжасында жолдун 90% и бузулган.

Жогорудагы изилдөөлөрдүн натыйжасында "Саркент" мамлекеттик жаратылыш паркын байырлаган сейрек кездешүүчү сут эмүүчүлөрдү коргоодо төмөнкүдөй көйгөйлөр аныкталды.

1. Парк үчүн техникалык жана кызмат орундарынын жоктугу, парктын аймагындагы жолдордун начарлыгы, айлык акылардын төмөндүгү, материалдык техникалык базанын начарлыгы, транспорттун жоктугу, кызматчы аттардын ошондой эле кызматтык ок атуучу куралдардын жетишсиздиги.

Бул көйгөйлөрдүн негизинде биз төмөндөгүлөрдү сунуштайбыз:

1. Парктын негизги жана жайыт зоналарындагы мөмө-жемиштерди, дары-дармектерди жергиликтүү калктын чогултуусуна контролду күчөтүүнү коруктун администрациясына сунуштайбыз.

2. Кыргызстан боюнча, анын ичинде Саркент мамлекеттик жаратылыш паркындагы сейрек кездешүүчү жана жоголуунун алдында турган каман *(Sus scrofa)***,** эликти *(Capreolus pygargus)* Кыргызстандын Кызыл китебине киргизүүнү Кыргыз Республикасынын УИАнын Биология жана топурак таануу институтунун зоолог окумуштууларына сунуштайбыз.

3. Ири сүт эмүүчү жаныбарларды коргоо максатында Саркент мамлекеттик жаратылыш паркынын аянтын кеңейтүү зарылчылыгын Кыргыз Республикасынын Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбачылыгы мамлекеттик агенствосуна сунуштайбыз.

4. Парктын жайыт зонасын үнөмдүү пайдалануу зарыл. Себеби, парктын аймагы негизинен малдын санынын кескин көбөйүүсүнөн жабыркайт, анын натыйжасында сүт эмүүчүлөрдүн түрлөрү жана саны кыскарып жатат. Андыктан жайыт комитеттеринин ишин активдештирип, малдын санын так учетко алууну жолго коюу керек.

5. Өзгөчө коргоого алынган аймактардагы биоартүрдүүлүүктү коргоо боюнча мыйзамдарды ишке ашыруу багытында парктын администрациясынын жоопкерчилигин күчөтүү зарыл.

6. Коруктардагы, анын ичинде өзгөчө "Саркент" мамлекеттик жаратылыш паркындагы сейрек кездешүүчү сүт эмүүчүлөрдүн биоартүрдүүлүгүн окумуштуулар тарабынан системалуу түрдө изилдөөгө Токой чарбачылыгы жана курчап турган чөйрөнү коргоо агенствосу жана практын администрациясы тарабынан шарттарды түзүү зарыл.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



**Адабияттар:**


1. Воробьев Г.Г. Биоразнообразие – проблемы и задачи [Текст] ⁄ Г.Г. Воробьев // Проблемы изучения и сохранения биологического разнообразия. - Бишкек, 1996. - С. 4-6.
2. Жундубаев К.Ш. Особо охраняемые природные территории Кыргызстана и их роль в сохранении биоразнообразия [Текст] ⁄ К.Ш. Жундубаев // Научные труды Кулунатинского государственного заповедника. - Вестник 1. - Бишкек, 2008. - С. 6-14.
3. Кулназаров Б.К. Антропогенные воздействия на животный мир Кыргызстана, проблемы его охраны и рационального использования на современном этапе. Материалы Республиканской научной конференции [Текст] ⁄ Б.А. Кузнецов «Актуальные экологические проблемы Кыргызстана». - Ош, 1993. - С. 42-45.
4. Савицкий Б.П. Животный мир Белоруссии, проблемы его охраны и рационального использования [Текст]. - Гомель: Изд-во ГГУ, 1982. - 66 с.
5. Чичикин С.Н. Жапайы туяктууларга туруктуу тоют базасы керек [Текст] ⁄ С.Н. Чичикин // Кыргызстандын жаратылышын сүйгүлө, коргогула. - Фрунзе, Кыргызстан. 1967. - С.43-49.
6. Шукуров Э.Д. Выделение и оценка экосистем в целях сохранения биоразнообразия и устойчивого развития региона [Текст] ⁄ Э.Д. Шукуров // Информ. бюл. Дайджест. -2003. - №2. - С.43-46.
7. Шукуров Э.Д. Проблемы биоразнообразия в Кыргызстане [Текст]. ⁄ Э.Д. Шукуров // Изв. НАН КР: Эхо науки. - 1997. - №2-3. - С. 89-92.
8. Thomas O. On small Mammals from Jarkent (Central Asia) //Ann.and Magaz.Natur.Hist. - 1914. - Vol.13. - P.18-21.